**БИШКЕК ШААРЫНЫН ЛЕНИН РАЙОНУНУН ПРОКУРАТУРАСЫ**

**ПРОКУРАТУРА ЛЕНИНСКОГО РАЙОНА ГОРОДА БИШКЕК**

720010, Бишкек ш., Москва көч., 222
тел:+996 (312) 35-27-60
факс: +996 (312) 35-27-60
e-mail: lenin.raion@prokuror.kg

720010, г.Бишкек, ул.Московская, 222
тел: +996 (312) 35-27-60
факс: +996 (312) 35-27-60
e-mail: lenin.raion@prokuror.kg

18.11.21 № 1р-21

на № ___________ от __________

Кыргыз Республикасынын
шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын төрагасы
**Н.К.Шайлдабековага**

Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасы тарабынан, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын *(мындан ары Кыргыз Республикасынын БШКсы)* расмий сайтындагы реестринде Г.Акматованын Кыргыз Республикасынын БШКнын төрайымынын наамына жолдогон Бишкек шаарынын Ленин районунун салык кызматынын кызматкери А.Аманкулов “Жаңы базар” whatsapp тобунда шайлоого үгүт жүргүзүп жаткандыгы боюнча кайрылуусу менен кайрылгандыгы аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө” 2021-жылдын 29-августундагы ПЖ №370-Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жаңы чакырылыштагы депутаттарын шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган. Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына тапшырылган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин “2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоону эркин, таза жана ачык-айкын өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” 2021-жылдын 1-ноябрындагы ПЖ №512- Жарлыгынын 3-п. негизинде Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулуктун бузулгандыгы жөнүндө арыздардын жана билдирүүлөрдүн келип түшкөн-түшпөгөнүнө карабай, дайыма көзөмөл жүргүзүлүүсү жүктөлгөн.

Ал эми, “Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-бер. 15-б. ылайык, Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик саясий кызмат орундарын, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар, диний ишмерлер, кайрымдуулук иштери менен алектенишкен уюмдардын уюштуруучулары жана мүчөлөрү, 18 жашка толо

элек адамдар, чет элдик жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери үгүт жүргүзүүгө, кандай болбосун үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга укуксуз.

Бирок, ага карабастан жогорудагы конституциялык Мыйзамдын талаптары одоно түрдө бузулуп, ошондой эле, Бишкек шаарынын Ленин районунун салык кызматынын башчысы аппараттык жыйынында бир нече жолу кандайдыр бир депутаттыкка талапкердин кызыкчылыгын көздөгөн агитациялык иштерге катышпоону эскерткендигине кайдыгер мамиле кылып, Бишкек шаарынын Ленин районунун салык кызматынын кызматкери А.Аманкулов тарабынан “Жаңы базар” жана “Чаткал Биримдиги” whatsapp тобунда Кыргыз Республикасынын депутаттыгына катталган талапкер Ж.Нышановго карата үгүт иштери жүргүзүлүп жаткандыгы аныкталган.

Андыктан, А.Аманкулов тарабынан өзүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттерин так аткарбагандыгы үчүн, аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарынын бузуулусуна одоно түрдө жол берилгендиктен, ага карата тиешелүү тартиптик чара көрүү менен мындан ары мыйзам бузуучулукка жол бербөөсүн көздөп, 2021-жылдын 17-ноябрында райондук прокуратура тарабынан Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы Министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын наамына ченемдик укуктук актыларынын бузулушун четтетүү жөнүндө сунуштама келтирилип, бүгүнкү күнү кароо алдында турат.

Райондун прокурору **М.Кулжабаев**

Атк. Т.Абсатаров тел.: 35-25-21